
# СТАТИСТИКА КАРТАЛАРДА 2021

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

# *Кыргыз Республикасынын административдик–аймактык түзүлүшү*






**Борбору – Бишкек шаары.**




**Ош – чоңдугу боюнча Кыргызстандагы экинчи шаар.**

**Кыргызстан бийик тоолуу өлкө, анын дээрлик 90% аянты деңиз деңгээлинен 1 500 м бийиктикте жайгашкан.**

**Чоң шаарлар: Бишкек, Ош, Жалал-Абад , Каракол, Токмок.**
**Аянты боюнча эң чоң облус - бул Нарын облусу.**

**Азыркы учурда республиканын административдик-аймактык түзүлүш системасына 7 облус жана республикалык маанидеги 2 шаар, 40 административдик район, 32 шаар, 9 шаар тибиндеги шаарчалар, 3 шаарча, 452 айыл аймактары кирет.**

# 2021–жылда калктын табигый өсүшү





**Кыргызстанда 2021-жылы табигый өсүү темпи калктын 1 000ине алганда 16,6 кишини, 2020-жылы калктын 1 000ине алганда 17,9 адамды түздү.**





Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы ГААЖнын маалыматтары боюнча.

# 2021–жылда калктын тышкы миграциясы






**2021-жылы жынысы жана аймагы боюнча келгендердин саны (адам)**




**2021-жылы республикага 8 229 адам келген, анын 4 058 - эркектер, 4 171 - аялдар. Чыгып кеткендердин жогорку деңгээли Чүй жана Ош облустарында белгиленди.**

# 2021-жылда калктын кедейчилик деңгээли





(калктын жалпы санына карата пайыз менен)


**2021-жылы кедейчиликтин чегинде 2 млн. 244 миң адам жашаган, алардын 62,7 пайызы калк отурукташкан айыл пункттарынын тургундары болуп саналган.**


**2021-жылы кедейчиликтин деңгээлинин өсүшү мурунку жылга салыштырганда баардык региондордо белгиленген. Муну менен бирге 0-17 жаш курагындагы балдардын 40,5 пайызы же 1 млн. 72 миң бала кедейчилик шартында жашаган.**




(калктын жалпы санына карата пайыз менен)

# 2021-жылда калктын өтө кедейчилик чегинин деңгээли





(калктын жалпы санына карата пайыз менен)


**2021-жылы өтө кедейликтин чегинен төмөн 407,1 миң адам, алардын 54,9 пайызы калк отурукташкан айыл пункттарынын тургундары болуп саналган.**

**2021-жылы өтө кедейчилик деңгээли 6,0 пайызды түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 5,1 пайыздык пунктка өскөн. Өтө кедейчиликтин өсүшү Талас облусундагы шаардык калктуу конуштарды кошпогондо, республиканын бардык аймактарында байкалган.**




(калктын жалпы санына карата пайыз менен)

# 2021-жылда аймактар боюнча эмгек акы









**2021-жылы Кыргызстанда бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы 19 330 сомду түздү.**



**Орточо айлык номиналдык эмгек акы - бул эмгек акынын, анын ичинде кызматкерлердин киреше салыгы жана милдеттүү камсыздандыруу төгүмүн камтуу менен эсептелген фонддун орточо эмгек акыны эсептөө үчүн кабыл алынган кызматкерлердин, ошондой эле мезгилдеги айлардын санына болгон катышы.**


# 2021-жылдын калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимуму








**«Калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимумунун түзүмүн бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 6-ноябрындагы №694 токтомуна ылайык, азык-түлүк товарлардын үлүшү 65 пайызды, азык-түлүк эмес товарлардын - 16 пайызын, кызмат көрсөтүүлөрдүн - 17 пайызын жана салыктардын - 2 пайызын түзөт. Азык-түлүк себетинин энергетикалык баалуулугу 2 101 ккал түзөт, анын химиялык курамы 73 гр. белков и 71 г. майлары.**

# 2021-жылы калкка берилген микрокредиттер





**Калкка ар кайсы максаттар боюнча чакан кредит берүү (микрокредиттердин жалпы көлөмүнө карата пайыз менен)**





**2021-жылы микрокредиттик уюмдар тарабынан 37 млрд. сом суммасында кредиттер берилген, бул 2020-жылга караганда 18,7% га көп. Алуучулардын саны 644,6 миңге жакын адамды түздү (же 2020-жылга караганда 8,8% га аз).**

**2021-жылы микрокредит алуучулардын басымдуу бөлүгү Ош, Жалал-Абад облустарына жана Бишкек шаарына туура келет. Кредиттин ири өлчөмү бир алуучуга 2021-жылы Чүй облусуна (70,6 миң сом), Бишкек (69,1 миң сом), Ысык-Көл облусу (61,4 миң сом), Ош шаары (60,4 миң сом) боюнча карыз алуучуларга туура келген. Орто эсеп менен республикада бул көрсөткүч 57,4 миң сомду түздү.**

**Микрокредиттерди алуучулардын саны (адам)**




# 2021-жылы аймактар боюнча тамак-аш азыктарына орточо керектөө баалары





**Уйдун эти**
**463,8 сом**


**Өсүмдүк майы**
**171,3 сом**


**Биринчи сорттогу буудай уну**
**39,4 сом**


**Картошка**
**36,1 сом**

**2021-жылдын январь-декабрында (өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу) жалпы республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин өсүшү 11,2 пайызды түздү. Мында азык-түлүк товарларына жана алкоголсуз суусундуктарга баалар 13,3 пайызга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки буюмдарына - 11,4 пайызга, азык-түлүк эмес товарларга - 9,7 пайызга жана калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер 7,1 пайызга жогорулаган.**

### Декабрь айында айрым социалдык жактан маанилүү тамак-аш азыктарына орточо керектөө баалары

